# Жак жана таандык мүчөлөр



МУГАЛИМ: РЫСКЕЛДИЕВА А.З.

# Жак мүчөлөр

Жак мүчөлөр атооч сөздөргө да,этиш сөздөргө да улана берет.

Мисалы :

Мен мектептин сыймыгымын.

Сен мектептин жылдызысың.

Эми окубасаң, уят болосуң.

Өзүн дайыма шер ойлойт.

# Жак категориясы

| **Жак** | **Мүчө** | | **Зат атооч** | | **Этиш** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жекелик** | **көптүк** | **жекелик** | **көптүк** | **жекелик** | **көптүк** |
| I | **-мын** | **-быз, -к** | Баламын, окуучумун, адаммын | Окуучубуз, адамбыз | Окуйм,окудум, жаздым | Окуйбуз, окудук (-к) |
| II | -сың (-сыз) | -сыңар (-сыздар) | Баласың, адамсыз | Окуучусуңар, адамсыңар | Окутасыз, окуттуңуз | Окудуңар, окуттуңуздар |
| III | | -т | жазуучу | жазуучулар | жазат | жазышат |

# Таандык мүчөлөр

- Заттын кимдир бирөөго же кандайдыр бир затка таандык экендигин билдирет.

Мисалы:

- Менин сумкам, сенин кийимиң, балдардын акылы, акылдуунун сөзү, жалкоонун калпы

# Таандык мүчөлөр 2 жол менен жасалат:

Таандык мүчөлөр

**Морфологиялык (мүчөнүн жардамы менен)**

ийгилиги

**Синтаксистик ( 2 сөздөн биригип)**

Окуучулук күндөр, баланын китеби, кыздын көзү

# Таандык категориясы (таандык мүчөлөр)

| Жак | Мүчө | | |
|---|---|---|---|
| | **жекелик** | | |
| I | **-ым-, (-м) ,**<br>-ыбыз, (-быз) | Шаарым, Кыргызстаным, балам | шаарыбыз, балабыз |
| II | -ың (-ң)<br>-ыңар, (-ңар) | шаарың, балаң | шаарыңар, балаңар |
| III | -ы/ -сы | Баласы, күнөөсү | Кызы, китеби |

# Жалпы таандык мүчө

-ныкы

Мисалы: кыздардыкы, меники, сеники, апамдыкы - апамкы,  агамдыкы- агамкы, баарыбыздыкы.

# Мисал иштөө. Жак мүчө менен таандык мүчөнү жазып түшүндүрүп бер.

Сен акылдуу... , ошондуктан тынымсыз иште... .

Менин алтындай окуучулар ... а дайыма ишене... .

Телефон... эч качан кыйбай... , ошондуктан күн-түн да жаны...

Бул чейректен баштап окуй... .

Акыл ... бар кезде окуп-иштеп кал.

Үйдөн алып чыккан адат... апам... болчу.

Сайрап какшаса .... да , окубай күйгүзүшө... .

# Мисал иштөө. Жекелик, көптүк сан экендигин аныкта. Улап жаз.

| Жак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|
| I | Менин ишенгем Айгеримим | Биздин ишенген Айгеримибиз. |
| II | | |
| III | | |

# Тест №1

Жак мүчө кезиккен катарды белгиле.

А)жашоом

Б) жашоодой

В)жашайт

Г)  жашады

# Тест №2

Таандык мүчө кезиккен катарды белгиле.

А) комуздуку

Б) комузчу

В) чертесиң

Г) чертмек

# Тест №3

Жак мүчө кезиккен сүйлөмдү белгиле.

А)Убакыт- учкан куш.

Б) Убакытты туура пайдаланасың.

В) Мага убакыт жетишсиз.

Г)  Убакытым мен үчүн акчадан да кымбат.

# Тест №4

Кимдир бирөөгө таандык иретинде айтылган сүйлөмдү белгиле.

А)Жолугушуу адаттагыдай булак жээгинде өттү.

Б) Сүттүү Булакка сөзсүз барабыз.

В) Суулар алтындай булак сымал төгүлдү.

Г)  Булак болуп тоолордон агылды.